170

ЯЮ 1.18.

**«БЕКИТЕМИН»**
**С. Нааматов атындагы НМУнун**
**ректору, профессор**

**______________ Э. М. Байбагышов**

**2021-жылдын 31-майы**

# С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**НАРЫН – 2021**

171

## МАЗМУНУ

1. Жалпы жоболор……………………………………………………………………3
2. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн максаты жана милдеттери…………3
3. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн субъектилери…………………………4
4. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн каржылоо……………………………………6
5. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн мерчемдөө жана уюштуруу……………8
6. Илимий-изилдөө билим берүү жараяндарынын өз ара байланышы……….8
7. Университеттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн эсеби жана отчеттуулугу……………………………………………………………………..10
8. Жыйынтыктоочу жоболор……………………………………………………11

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Ушул Жобо С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн пайдубалдуу, изденүүчүлүк, колдонмо илимий-изилдөө иштерин жана илимий-изилдөөчүлүк кызмат көрсөтүүлөрүн мерчемдөөнүн, уюштуруунун, жүргүзүүнүн жана каржылоонун тартибин аныктайт.

1.2. Ушул Жобо «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, «Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, «Инновациялык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, «Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүккө тиешелүү башка ченемдик-укуктук актыларга, университеттин Уставына, университеттин башка ички ченемдик актыларына ылайык иштелип чыккан.

1.3. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү – жаңы билимдерди алууга жана колдонууга багытталган ишмердүүлүк, анын ичинде:

- пайдубалдуу илимий изилдөөлөр – адамдын, коомдун, айлана-чөйрөнүн түзүлүшүнүн, иштөөсүнүн жана өнүгүүсүнүн негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө жаңы билимдерди алууга багытталган эксперименттик же теориялык ишмердүүлүк;
- колдонмо илимий изилдөөлөр – практикалык максаттарга жетишүү жана конкреттүү милдеттерди чечүү үчүн көбүнчө жаңы билимдерди колдонууга багытталган ишмердүүлүк;
- изденүүчүлүк илимий изилдөөлөр – аларды кийин практикада колдонуу максатында жаңы билимдерди алууга (багытталган илимий изилдөөлөр) жана (же) жаңы билимдерди колдонууга (колдонмо илимий изилдөөлөр) багытталган жана илимий-изилдөөчүлүк иштерди аткаруу жолу менен жүргүзүлгөн ишмердүүлүк.

1.4. Университеттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгү чыгармачылык, өз алдынчалык, жоопкерчилик, натыйжалуулук жана майнаптуулук принциптеринде курулат.

1.5. Университет илимий изилдөөлөрдү уюштурууда ассоциацияларды, борборлорду, биргелешкен изилдөөчүлүк жамааттарды түзүү аркылуу изилдөөлөрдүн биргелешкен программаларын ишке ашыруунун негизинде илимий-билим берүү уюмдары, илимий мекемелер жана башка уюмдар менен кызматташтыкка багыт алат.

1.6. Университетте илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн уюштуруу жана ыкташтыруу илимий иштер боюнча проректордун карамагында турат жана университеттин түзүмдүк бөлүмдөрү менен өз ара аракеттешүүнүн негизинде камсыздалат.

**2. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн максаты жана милдеттери**

2.1. Университеттин илим жаатындагы негизги максаты илимий коомчулук тарабынан таанылган жана билим берүү жараянында жана улуттук

экономиканын ар кыл субъектилеринин практикалык ишмердүүлүгүндө суроо-талапка ээ болгон жаңы билимдерди иштеп чыгуу жараяндарынын майнаптуулугун жогорулатуу болуп саналат.
2.2. Негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:
- жакынкы жана алыскы келечекте университеттин илимий-билим берүү борбору катары атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн аныктоочу жаңы билимдерди түзүүнүн негиздери катары пайдубалдуу жана изденүүчүлүк изилдөөлөрдү өнүктүрүү, илимий мектептерди түптөө жана өнүктүрүү;
- экономикалык субъектилердин майнаптуулугун жогорулатууга, социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдү жүргүзүүгө түрткү болуучу колдонмо изилдөөлөр менен иштелмелердин сапатын арттыруу;
- окуу жараянын эң жаңы илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары менен байытуу;
- университеттин студенттерин илимий-изилдөөчүлүк, эксперименттик жана долбоорлук иштерге (СИИИ) тартуу жолу менен илимий изилдөөлөрдү уюштуруунун жана жүргүзүүнүн эрежелери менен тааныштыруу;
- университетте квалификациялуу адистерди жана жогорку квалификациядагы илимий кадрларды даярдоону камсыздоо;
- профессордук-окутуучулук курамдын илимий квалификациясын жогорулатуу;
- таланттуу жаштарды табуу жана аларда изилдөөчүнүн компетенцияларын, чыгармачыл жамааттарда иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү максатында илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө тартуу;
- университетте илимди чыңдоонун жана өнүктүрүүнүн негиздери катары интеллектуалдык менчиктин объектилерин майнаптуу башкарууну, изилдөөчүлөр менен иштеп чыгуучулардын автордук укуктарын коргоону камсыздоо;
- университетти билим берүү менен илимдин дүйнөлүк тутумуна кошуу максатында чет элдик окуу жайлар жана башка уюмдар менен илимий-техникалык кызматташтыкты кеңейтүү;
- университеттин эмгек жамаатынын өз алдынчалыгын, жоопкерчилигин жана демилгелүүлүгүн арттыруу, окуу жайдын билимдин атайын тармактарындагы алдыңкы турумдарын камсыздоого жөндөмдүү алдыңкы окумуштууларды жана илимий жамааттарды колдоо, уланмалуулукту камсыздоо;
- университеттин илим секторуна кошумча бюджеттик жана бюджеттен сырткаркы каржылык каражаттарды тартуу.

**3. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн субъектилери**
3.1. Университетте илимий изилдөөлөр аткарылат:
- университеттин профессордук-окутуучулук курамы тарабынан жекече мерчемдерге ылайык негизги жумуш убактысында;
- университеттин илимий, инженердик-техникалык кызматчылары, адистери тарабынан негизги жумуш убактысында;

- университеттин студенттери тарабынан курстук иштер менен долбоорлорду, квалификациялык бүтүрүү иштерин, окуу пландарында каралган башка изилдөөчүлүк иштерди аткаруунун жүрүшүндө;
- университеттин доктoранттары, аспиранттары, магистранттары тарабынан аларды даярдоонун жекече мерчемдерине ылайык, ошондой эле окуудан (иштен) бош убакта кафедраларда, түзүмдүк бөлүмдөрдө.

3.2. Менчик формасы ар кыл илимий-өндүрүштүк мүнөздөгү уюмдардын ишине катышкан университеттин кызматчылары, ЖОЖдун илимий аппаратурасын, жабдуусун, имараттарын ректордун же илимий иштер боюнча проректордун уруксаты менен гана пайдалана алышат.

3.3. ИИИ жөнүндө отчеттор, методикалар, программалар, долбоорлор, университеттин интеллектуалдык менчиги болуп саналган жана мурда аткарылган илимий изилдөөлөрдүн натыйжасында алынган башка материалдар, илимий-техникалык өндүрүмдүн башка керектөөчүлөрүнө тараптардын макулдашуусу менен аныкталган тартипте бериле алат.

3.4. ИИИнин илимий жетекчиси жана жооптуу аткаруучусу ректордун же илим жана өнүктүрүү боюнча проректордун буйругу менен дайындалат.

3.5. ИИИнин илимий жетекчиси камсыздайт:

- ИИИнин техникалык тапшырмасын, календардлык мерчемин, коштоочу жана отчеттук документтерин өз убагында даярдоону;
- изилдөө тобун түзүүнү жана ИИИ аткаруучулардан аткарылган жумуштарды кабыл алууну;
- жумуш убактысын эсептөө табелин жүргүзүүнү жана бухгалтерияга убагында тапшырууну (штаттагы илимий кызматчылар жана айкалыштырып иштөөчүлөр үчүн);
- ИИИрин техникалык тапшырмага жана календардлык мерчемге ылайык аткарууну;
- Буюртмачы менен байланыштарды, Буюртмачыга ИИИнин натыйжаларын жана отчеттук документацияны, анын ичинде өз демилгелүү ИИИ боюнча дагы, тапшырууну;
- КР мыйзамдарын, университеттин Уставын, ички эмгек тартиби эрежелерин, эмгекти коргоо боюнча ченемдерди жана өрткө каршы коопсуздук эрежелерин, илимий-техникалык өндүрүмдү түзүүгө (өткөрүп берүүгө) келишимдин шарттарын сактоону.

3.6. Илимий жетекчи укуктуу:

- ишти аткаруу мезгилине изилдөө тобун түзүүгө;
- ИИИнин темасы боюнча жооптуу аткаруучунун талапкерлигин коюуга же анын милдеттерин аткарууга (ИИИнин темасы боюнча иштердин көлөмү чакан болгон жана аткаруучулардын саны 3төн ашпаган учурда);
- илимий жамааттын ишин уюштурууга, жекече тапшырмаларды жана аларды аткаруунун мөөнөттөрүн аныктоого;
- топтун кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн деңгээлин аныктоого жана иштер боюнча чыгымдарды аныкталган чегерүүлөрдөн кийин түзүлгөн каражаттардын чектеринде аныктоого;

- Буюртмачылар менен ИИИне келишим боюнча иштерди жүргүзүүнүн бардык этаптарында илимий, техникалык, экономикалык жана мерчемдик-каржылык документацияны талкуулоодо университеттин өкүлү болууга.

3.7. ИИИнин темасы боюнча жооптуу аткаруучу учурдагы уюштуруучулук-техникалык маселелерди чечүү жана университеттин администрациялык түзүмдөрү менен байланыштарды жүзөгө ашыруу үчүн дайындалат. Теманын илимий жетекчиси өргүүдө, иш сапарда ж.б.у.с. болгон учурда анын милдеттерин аткарат.

3.8. ИИИнин илимий жетекчиси илимий изилдөөлөрдүн тийиштүү деңгээли, иштеги кемчиликтер, өз милдеттерин начар жана сапатсыз аткаруусу, материалдык зыян алып келүүсү, ИИИнин натыйжалары, анын аткаруучулары боюнча берилген маалыматтын ишеничтүүлүгү үчүн, ошондой эле ИИИрин жүргүзүүгө бөлүнгөн каржылык каражаттарды өз убагында жана максаттуу колдонуу үчүн университеттин алдында жекече жоопкерчилик тартат.

**4. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн каржылоо**

4.1. Университеттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн каржылык камсыздоо максаттуу багыт алууга жана каржылоо булактарынын көптүгүнө негизделет. Бул ишмердүүлүктү каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бюджеттик булактардын, бюджеттен тышкаркы булактардын (өзүмдүк же тартылган каражаттардын) жана башка булактардын эсебинен жүзөгө ашырылат.

4.2. Университеттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн каржылоонун бюджеттик булактары болуп саналат: республикалык бюджеттин, облустук бюджеттин жана жергиликтүү бюджеттин каражаттары.

4.3. Университеттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн каржылоонун бюджеттен тышкаркы булактары болуп саналат: юридикалык же физикалык жактардан изилдөөлөрдү, иштелмелерди жана илимий-техникалык кызмат көрсөтүүлөрдү чарбалык келишимдер боюнча аткарууга келип түшкөн каражаттар; ар кыл (анын ичинде эл аралык дагы) фонддор тарабынан бөлүнгөн каражаттар; юридикалык жана физикалык жактардын (анын ичинде – чет элдик дагы) кайрымдуулук төлөмдөрү жана ыктыярдуу салымдары; башка мыйзамдуу каржылоо булактары.

4.4. Университет илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу үчүн алынган бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттарды, кызматчыларга эмгек акы төлөөгө жана материалдык түрткү берүүгө багытталган үлүштөрүн кошо, колдонуу тартибин өз алдынча аныктайт. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнөн алынган киреше, жана ЖОЖдун түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан жүргүзүлгөн чегерүүлөр, билим берүү жана илимий-изилдөө жараяндарын өнүктүрүүгө инвестицияланат, анын ичинде атайын фонддорду түзүү жолу менен. Университеттин карамагында калган илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнөн түшкөн кирешени бөлүштүрүү жана колдонуу тартибин университет өз алдынча аныктайт.

4.5. Университет илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө түрткү берүүнү жана каржылык колдоону ички илимий гранттар тутуму аркылуу жүзөгө ашырат.
4.6. Бир тараптан университеттин жана экинчи тараптан илимий жана (же) илимий-техникалык өндүрүмдүн жана кызмат көрсөтүүлөрдүн буюртмачыларынын ортосундагы мамиленин негизги формасы илимий жана (же) илимий-техникалык өндүрүмдү түзүүгө, өткөрүп берүүгө жана колдонууга, илимий, илимий-техникалык жана башка кызматтарды көрсөтүүгө келишимдер, ошондой эле биргелешкен илимий-изилдөө ишмердүүлүгү тууралуу келишимдер болуп саналат.
4.7. Илимий изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар, эреже катары, илимий отчеттор, методикалар, регламенттер, моделдер, уюштуруучулук долбоорлор жана илимий өндүрүмдүн башка түрлөрү менен аяктайт, алар университеттин жана буюртмачы-уюмдун макулдашуусунун негизинде андан ары колдонууга багышталат.
4.8. Келишимдерди аткаруунун жыйынтыктары боюнча ИИИ жөнүндө отчет берилет.
4.9. Илимий өндүрүмгө киришет:
- ИИИ жана алардын этаптары;
- аткарылган ИИИнин натыйжалары боюнча даярдалган уюмдардын ишин оптимизациялоо боюнча сунуштар;
- аткарылган ИИИнин натыйжалары боюнча даярдалган ар кыл проблемалар боюнча изилдөөлөрдүн материалдары;
- эсептөө техникасы үчүн программалык каражаттар;
- илимий, башкаруучулук, экономикалык, маалыматтык мүнөздөгү кеңеш берүүчүлүк кызмат көрсөтүүлөр жана эксперттик иштер жана интеллектуалдык менчиктин башка объектилери;
- университеттин Уставы менен аныкталган иштердин жана кызматтардын башка түрлөрү.
4.10. Теманы аткаруу мезгилинде илимий жетекчинин карамагына ИИИ аткарууга келишимге шайкеш келген каржылык каражаттар бөлүнөт, түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси менен макулдашуу боюнча университеттин окуу же илимий бөлүмүнүн зарыл жабдуусу берилет. Илимий жетекчинин өз каржылык каражаттарын жана материалдык-техникалык базасын тескөө укугу иштеп жаткан мыйзамдар жана университеттин ченемдик документтери менен аныкталат да, аныкталган тартипте жүзөгө ашырылат.
4.11. Борбордошкон чегерүүлөрдөн кийин калган каражаттар ИИИ аткарууга келишимге ылайык чыгымдалат. Ушул каражаттардан салыктарын жана камсыздандыруу төлөмдөрүн эске алуу менен эмгек акы төлөө фонду (ЭТФ) түзүлөт, материалдык сарптоолор, иш сапар жана башка чыгымдар жабылат.
4.12. ИИИ аткарууга келишимге ылайык илимий жетекчи ИИИ аткаруу мезгилине илимий-изилдөө тобун түзөт, ага кирет: илимий бөлүмдөрдүн штаттагы кызматкерлери; профессордук-окутуучулук, окуу-көмөкчү курам; ИИИ аткаруу мезгилине карата илимий бөлүмдөрдүн (кафедралардын) штатына кабыл алынган айкаштырып иштөөчүлөр (анын ичинде аспиранттар

менен студенттер); жарандык-укуктук келишимдер боюнча ИИИ аткаруу мезгилине карата аткаруучулар катары алынуучу адамдар.

4.13. Илимий жетекчи ИИИ келишими боюнча чыгашалардын эсебин жүргүзөт, ИИИнү аткаруучулардын эмгегине акы төлөөгө документтерди тариздөөнү, аларды университеттин бухгалтериясына берүүнү, ошондой эле жүргүзүлгөн чыгашалардын келишимдин талаптарына жооп берүүсүн камсыздашат.

4.14. Илимий жетекчи илимий иштер боюнча проректордун суроо-талабы боюнча ИИИ аткарууга келишимдин аткарылышы жөнүндө жана жүзөгө ашырылган жана мерчемделген чыгашалар жөнүндө отчет берет.

4.15. Университет ИИИ аткарууга келишимдин (тапшырманын) жана ушул Жобонун шарттары бузулган учурда ИИИ боюнча төлөмдөрдү токтотууга, тема боюнча ишке жетекчилик кылуудан илимий жетекчини четтетүүгө жана жаңысын дайындоого укуктуу.

## 5. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн мерчемдөө жана уюштуруу

5.1. Университет илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн учурдагы жана келечектеги мерчемдөөнү өз алдынча жүзөгө ашырат, иштердин түрлөрүн, каржылоо шарттарын, аткаруучулар курамын аныктайт.

5.2. Университетте илимий-изилдөө иштерин мерчемдөө университеттин негизги илимий багыттарына жана Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген илимий-изилдөө иштеринин артыкчылыктуу темаларына ылайык жүзөгө ашырылат, алардын тизмеси университеттин түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан коомдук суроо-талаптын (мамлекеттик тапшырма, максаттуу мамлекеттик жана аймактык программалар менен долбоорлор ж.б. формасындагы), университеттин колдо бар илимий дараметинин, жетишкендиктеринин негизинде иштелип чыгат.

5.3. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн учурдагы мерчемдөө календардык жылга карата мерчемдердин үч түрүн түзүүнү ичине алат:

1) ИИИнин тематикалык мерчемин;
2) Илимий иш-чаралардын мерчемин;
3) Илимий басылмалардын мерчемин.

5.4. Илимий-изилдөө жаатындагы мерчемдердин аткарылышынын жүрүшүн илим жана өнүктүрүү боюнча проректор, инновация жана ишкердикти өнүктүрүү борбору көзөмөлдөйт.

## 6. Илимий-изилдөө жана билим берүү жараяндарынын өз ара байланышы

6.1. Илимий-изилдөө жана билим берүү жараяндарынын өз ара байланышы университеттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгү бакалаврларды, магистрлерди, аспирантурада жана докторантурада жогору квалификациялуу илимий кадрларды даярдоо жараянынын милдеттүү бөлүгү болуп саналат. Бул өз ара байланыш төмөнкүнүн эсебинен камсыздалат:

- илимий-изилдөө иштерине жана иштеп чыгууларына студенттерди тартуу;

- университеттин кафедраларынын базасында окуу-илимий комплекстерди түзүү;
- университеттин илимий-изилдөө уюмдары менен өз ара аракеттешүүсү;
- түзүмдүк бөлүмдөрдүн базасында курстук иштерди, квалификациялык бүтүрүү иштерин, магистрлик, кандидаттык, докторлук диссертацияларды аткарууну жүзөгө ашыруу;
- билим берүү жана илимий-изилдөө жараяндарын компьютерлештирүү, бирдиктүү маалыматтык чөйрө түзүү.

6.2. Окуу жараянынын алкагында аткарылуучу студенттердин илимий-изилдөө иштери камтыйт:
- илимий изилдөөнүн элементтерин камтыган тапшырмалар, эсептик-графикалык жана лабораториялык иштер, курстук иштер/долбоорлор, квалификациялык бүтүрүү иштери;
- ар кыл түрдөгү практикаларды өтөө мезгилиндеги илимий-изилдөөчүлүк мүнөздөгү адистештирилген жумуштар;
- илимий изилдөөнүн теориялык-методикалык негиздерин окуп-үйрөнүү, илимий экспериментти коюу, уюштуруу жана мерчемдөө, илимий маалыматтарды иштетүү жаатындагы компетенцияларды калыптандыруу, ошондой эле колдонмо программалардын жаңы топтомдорун өздөштүрүү ж.б.

6.3. Окуудан тышкаркы убакта аткарылуучу студенттердин илимий-изилдөө иштери камтыйт:
- илим-изилдөө ийримдеринин иштерине катышуу;
- студенттин өз демилгелүү изилдөөлөрүн ишке ашыруусу;
- университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүндө жүзөгө ашырылып жаткан мамлекеттик бюджеттик же чарбалык келишимдик ИИИ аткарууга катышуу;
- университеттин тутумунда илимий долбоорлорду ишке ашырып жаткан изилдөөчүлүк жамааттардын ишине, ошондой эле университеттин профессордук-окутуучулук курамы жүзөгө ашырып жаткан өз демилгелүү ИИИне катышуу.

6.4. Студенттердин илимий-изилдөө иштерин уюштуруу үчүн илим жана өнүктүрүү боюнча проректор, факультеттердин декандары, кафедра башчылары жоопкерчилик тартышат.

6.5. Университет студенттердин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө түрткү берүү жана колдоо максатында:
- студенттик илимий-практикалык конференцияларды, семинарларды, олимпиадаларды, студенттердин илимий-изилдөө иштеринин (илимий долбоорлорунун), квалификациялык бүтүрүү иштеринин, курстук иштеринин конкурстарын уюштурат жана өткөрөт;
- студенттик изилдөөлөрдүн натыйжаларын чагылткан материалдарды (баяндамалардын тезистерин, макалаларды) жарыялоону камсыздайт;
- эл аралык, республикалык конкурстарга катышуу үчүн мыкты студенттик илимий-изилдөө иштерин тандоону жана көрсөтүүнү жүзөгө ашырат;

179

- таланттуу студенттерди, магистранттарды, аспиранттарды жана жаш окумуштууларды мамлекеттик, аймактык стипендияларга, сыйлыктарга көрсөтүүнү конкурстук негизде жүзөгө ашырат;
- эл аралык жана республикалык деңгээлдеги олимпиадаларда жана конкурстарда байгелүү орундарды ээлеген студенттерге материалдык колдоо көрсөтөт.

**7. Университеттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн эсебин алуу жана отчеттуулук.**

7.1. Университеттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн эсебин алуу жана ал боюнча отчеттуулук үчүн жалпысынан инновация жана ишкердикти өнүктүрүү борбору жооптуу.

7.2. Университеттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн натыйжалары ар жыл сайын Окумуштуулар кеңешинин отурумунда талкууланат.

**8. Жыйынтыктоочу жоболор**

8.1. Ушул Жобо Окумуштуулар кеңешинде кабыл алынгандан кийин күчүнө кирет.

8.2. Ушул Жобого өзгөртүүлөр жана (же) толуктоолор илимий иштер боюнча проректор тарабынан иштелип чыгат жана Окумуштуулар кеңешинин отурумуна талкууга коюлат.

8.3. Ушул Жобого өзгөртүүлөр жана (же) толуктоолор Окумуштуулар кеңешинде кабыл алынгандан кийин күчүнө кирет.